**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕТАЛ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГЕТАЛ**
**АЙЫЛ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**АЙМАКА ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ

**2023-жыл 1-сентябрь № 20** **Кызылтуу айылы**

**Байсейит уулу Эшманбет атындагы орто мектебинин санитардык абалын жакшыртуу , жылытуу системасын жаңыртуу, жана ашканасына жабдыктарды алуу ири долбоору жөнүндө**

АРИСтин АИД-3 долбоорунун алкагында Байсейит уулу Эшманбет атындагы орто мектебинин санитардык абалын жакшыртуу , жылытуу системасын жаңыртуу, жана ашканасына жабдыктарды алуу ири долбоору боюнча Жергетал айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевдин жана Кызылтуу айылынын АКИА АКнын төрагасы А.Чоюбековдун маалыматын угуп жана талкуулап чыгып Депутаттардын Жергетал айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Байсейит уулу Эшманбет атындагы орто мектебинин санитардык абалын жакшыртуу , жылытуу системасын жаңыртуу жана ашканасына жабдыктарды алуу ири долбооруна жалпы бюджети 6579335 (алты миллион беш жүз жетимиш тогуз мин үч жүз отуз беш) сом өлчөм, анын ичинен АРИС грантынын суммасы 5655000 (беш миллион алты жүз элүү беш мин сом), ал эми жергиликтүү бюджеттин эсебинен өздүк салым 767409 (жети жүз алтымыш жети мин төрт жүз тогуз) сом деп белгиленсин.

2. Байсейит уулу Эшманбет атындагы орто мектебинин санитардык абалын жакшыртуу , жылытуу системасын жаңыртуу, жана ашканасына жабдыктарды алуу ири долбоору Жергетал айыл аймагынын 2023-жылдын социалдык-экономикалык өнүгүү жана инвестициялык планга киргизилсин.

3.Ири долбоордо көрсөтүлгөн объектини техникалык тейлөөгө жана пайдаланууга жергиликтүү бюджеттен каралган чыгымдар белгиленсин.

4.Айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеев ири долбоордун жана тиешелүү иш кагаздарын АРИСке өз убагында берүүсүн камсыз кылсын.

5.Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Жергетал айыл өкмөтүнүн башчысына жана айылдык кенештин бюджет боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага** **Ж.Молдояров**